# ПРОБЛЕМЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СЛЕНГА СРЕДИ МОЛОДЕЖИ

***Маширапова Айнагул Абакировна,***
***ОШКУУ, аспирант.***
***Киргизская республика***

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются проблемы использования сленга среди современной молодежи.

**Ключевый слова.** Сленг, современный молодежь, языковые нормы, коммуникация.

**Problems of using slang among young people**

**Annotation.** This article examines the problems of using slang among today's youth.

**Key words.** Slang, modern youth, language norms, communication.

**Жаштар арасында сленгдерди пайдалануунун көйгөйлөрү**

Тилдин өнүгүсү үзгүлтүксүз процесс болуп саналат. Ал социалдык өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүп турат. Ошону менен катар бүгүнкү күндө жаштар арасында сленгдерди кенири колдонуу тенденциясы байкалууда. Бул көрүнүш тилдин бузулушуна алып келет деген көз караштар бар. Ушул көйгөйгө байланыштуу бир катар маселелер келип чыгууда. Сленг сөздөр тилдин эмоционалдык- экспрессивдүү кырдаалы. Ал жаштардын оозеки сүйлөө тилинен айырмаланып калышына алып келиши мүмкүн.

Сленгдерди ашыкча колдонуу төмөндөгүдөй көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн:

1. Тилдик нормалардын бузулушу.
2. Маданий баалуулуктардын төмөндөшлү – сленгдин кенири жайылышы.
3. Комуникациянын начарлашы – сленг башка адамдарга түшүнүксүз болушу мүмкүн.
4. Тилдик компетенциянын төмөндөшү – оозеки сүйлөөдө лексикалык жана грамматикалык ката кетириши ыктымал.

Сленгдин келип чыгышы – бул тилдин табигый өнүгүү процессинин жемиши. Ал социалдык топтордун, анын ичинде жаштардын өзүнчө маданиятынан келип чыгат. Сленг көбүнчө эмоцияларды, көңүл- буруу жана күчтүү сезимдерди берүү учун колдонулат. Бирок көп учурда ал коомдогу нормаларга карама-каршы келет.

Бул койгойду чечүүдө төмөнкүдөй аракеттерди жасоо зарыл:

1. Сленгдерди туура пайдаланууну үйрөтүү.
2. Адабий тилди жана маданиятты насаатчылык менен тааныштыруу.
3. Коомдук жана маалымат каражаттарында тил маданиятын жогорулатуу.
4. Тил илимине жана жаңы изилдөөлөргө көңүл буруу.
5. Мектептерге жана ЖОЖдорго тиешелуу программаларды киргизүү.

Ошол себептен жаштар арасындагы сленгдерди ашыкча колдонуу койгойуу бүгүнкү коомдо актуалдуу маселе бойдон калууда. Бул көрүнүштүн себептерин талдоо жана аны чечүү жолдорун издөө керек. Мамлекеттик денгээлде жана билим беруу системасында тил маданиятын жогорулатуу боюнча иш – аракеттер жургузулушу зарыл.

Мындан сырткары насаат насыят создорду макал лакаптарды пайдалануу менен жаштарды тарбиялоодо зор ыкмаларды пайдалануу азыркы күндүн көйгөйү болуп саналат. Кыргыздардын салтында көрсөтүлгөндөй элдик макал -лакаптар мааниси жагынан афоризимге жакын. Акын жазуучуларды бул типтеги чыгармалар өзүнчө тур катары (бир шилтемдер, төрт сап ырлар ж.б.) түрүндө кезигет. А.Токомбаевдин бир шилтемдери, Т.Сыдыкбеков, Н.Байтемировдун накыл сөздөр түрүндөгү чыгармалары буга далил боло алат. Ошондуктан насаат сөздөр аркылуу бирин- бири тарбиялап, коомдо үлгүлүү инсан катары таптап келуусу кыргыз маданиятынын өзгөчөлүгү экендигин көрсөтүп турат.

Мисалы: "Ата журт кыйын кезге кабылганда айлансын ар бир уулун чагылганга" деген насаат сөздү алсак болот. Муну менен биз патриоттуулук мекенди суйуу ата журттун башына кыйын кырдаал түшкүндө ар бир эр азамат чагылган сыяктуу бат, чон күч менен душмандарды жок кылууга даяр туруусу эки сапта берилгени, Токтогулдун "Сурап ичкен тамагын, суу ичкен менен барабар", "Денин соодо эринбей, бекерликке берилбей" сыяктуу саптары афоризимдерге айланып, жогору айтылган создордун далили болсо керек. Ушуга окшогон мисалдар кыргыз элинин философиясынын терендигин корсотуп турат.

**Колдонулган адабияттар:**

"Кыргызстан" . Улуттук энциклопедия: 1- том. Башкы ред. Асанов У.А., Б: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2006. ISBN 9967-14-046-1

"Кыргызстан" . Улуттук энциклопедия: 3- том. Башкы ред. Асанов У.А., Б: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011. ISBN 978-14-074-5

https://media.mts.ru/technologies/197036-sleng-tinejdzherov/